БЕКИТИЛДИ

Буйрук № 30 тартып

08.02 2022-ж

Сотиев Э.С.

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООНУН ОТЧЕТУ

## Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби" Мекемеси

## ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

1. **Киришүү**

Жетекчи: **Сатиев Эркинбек Соодалиевич**

Телефону: **0702935099**

Email: **shkolatilekmatf @mail.ru**

Сайты: **https://tilekmat.mektebim.kg/**

Юридикалык дареги: **ЧҮЙ ОБЛАСТЫ, МОСКВА РАЙОНУ, ЧОҢ-АРЫК**

**АЙЫЛЫ, МЕДЕРАЛЫ КӨЧӨСҮ**

**Кыскача тарыхы:**

Чүй облусунун Москва районундагы Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби тууралуу маалымат : Билим берүү уюмунун аталышы: Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби. Дареги: Чүй облусунун Москва районундагы Чоң-Арык айылы, Медералы көчөсү. Менчик Формасы: Муниципиалдык Билим берүү уюмунун статусу: Жалпы билим берүү орто мектеби. ИНН : 03009200910095 ОКПО: 26791393 Мектептин имараты: 1974-жылы ишке берилген. Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби Кыргыз Республикасынын Чүй областындагы Москва районунун Чоң-Арык айылында жайгашкан. Мектеп муниципалдык бюджетте, жергиликтүү башкаруу органы Ак Суу айыл аймагына караштуу. Чоң-Арык айылында алгачкы агартуу иштери 1928-1929-жылдары мектеп болуп берилген Абылда байдын көк үйүнөн башталган. 1964-жылдары айылга 8 жылдык мектеп курулат. Турмуш оңолуп, балдардын саны көбөйүп, 1974-жылгы эки кабаттуу 10 жылдык мектеп салынып, ишке берилет. Мына ушул мектептин курулушуна Тилекмат Базаркуловдун кошкон салымы өтө чоң. Бул мектепте Т.Базаркулов 1991-жылга чейин б.а. өмүрүнүн аягына чейин директор болуп эмгектенет. Тилекмат Базаркулов Чичерин орто мектебинде 27 жыл жетекчилик кызматта иштеген. Т.Базаркуловдун сиңирген эмгеги жогору бааланып, 1992-жылдын 15-ноябрында Чичерин орто мектебине Тилекмат агайдын наамы берилет. Мектепте Тилекмат агайдын музейи ачылган. 2019-жылы 30-апрелде мектептин алдына Т.Базаркуловдун айкели тургузулган. Мектепте долббор боюнча 536 окуучу орунга эсептелген. 15 класстык бөлмө, анын ичинде компьютердик бөлмө бар, китепкана, мугалимдердин бөлмөсү, директордун, окуу завучунун бөлмөсү,уюштуруучунун бөлмөсү, лаборатория, спорт зал, ашкана жана фойе бар. Учурда 229 окуучу окуп жатат. Мектеп типтүү проект менен салынган жана эки кабаттуу. Жалпы аянты 2738,8 чарчы м.кв. Мектеп көмүр менен жылытылат. Мектептин жетекчиси Сатиев Эркинбек Соодалиевич

## 2. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоо

| | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктары | Тастыктоо базасы |
|---|---|---|---|

| |
|---|
| **1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.1. | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички акттардын болушу | Устав Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-нсентябрындагы № 541 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун негизинде иштелип чыккан. Мектептин Уставы КР Чүй областтык юридикалык башкармалыгы тарабынан 30.09. 2015-жылы алгачкы ирет, кайрадан 22-март 2019-жылы каттоодон өткөн.<br>1.Окутууну жакшыртуунун анализи,мониторинги,баалоо<br>2.Ички тартип эрежелери<br>3.Этикалык кодекс<br>4.Мектеп ичиндеги текшерүү (ички көзөмөл)<br>5.Ата-энелер комитеттери<br>6.Окуучулардын жетишкендигинин жыйынтыгы<br>7.Усулдук кеңеш<br>8.Усулдук бирикмелер<br>9.Статистикалык отчеттор (ОШ-1, )<br>10.Жаш мугалимдер мектеби<br>Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектеби КР 2010-жылдын 2-мартында бекитилген билим берүү жөнүндөгү мыйзамына, нормативдик укуктук актыларына, билим берүүнүн жалпы жоболорунун негизинде жана 2019-жылы 22-мартта бекитилген мектептин Уставына ылайык | Күбөлүк<br>Мектептин Уставы<br>Окуу планы<br>Усулдук бирикме жонундо жобо Педогогикалык кенешменин жобосу Оздук делосу боюнча жобо<br>Пед. кенешменин отурумунун иш планы<br>директор алдындагы кенешме<br>Усулдук кенештин жобосу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | иш алып барат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2. | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген КРнын жалпы орто билим берүү стандартына ылайык иш алып баруу менен Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин билим берүү сапатын камсыздоо максатында 2021-жылдын 25-августунда № 1 Пед. Кеңешмеде бекитилген мектептин иш планында (стратеги план 2017-2022-о.ж) миссиясы, максаттары камтылган. Мектептин миссиясы стратегиялык планда көрсөтүлгөн. Стратегиялык планда максаттар аларга жетишүү планы иштелип чыкты. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. Мектептин максаты жана өнүктүрүү пландары кызыкдар тараптар менен талкууланды. Стратегиялык пландарды деталдаштыруу жыл сайын учурдагы пландарда көрсөтүлгөн.<br>мектептин максаттары<br>таблицалар | Мектепти өнүктүрүү иш планы<br>Расписание<br>Мектептин ички көзөмөл планы<br>УБ планы<br>Окуу тарбия иштери боюнча анализ<br>Тартиялык иштердин планы<br>Китепкана боюнча иштеринин план |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тышкаркы иш-чаралары аркылуу мектепке тартууга мүмкүнчүлүк берет.<br>2.Мугалимдерге өз убагында жана практикалык жардам берүү, окуучулар менен иштөөдө мүмкүн болуучу каталардын жана кемчиликтердин алдын алуу;<br>- Мугалимдин иш тажрыйбасын жайылтуу жана алмашуу максатында изилдөө жана жалпылоо иштери ;<br>-Тажрыйбалуу мугалимдерден үйрөнүүсү, өз кругозорун кеңейтүү жана педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу.<br>стр 5 из 21 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын/түзүмдөрдүн болушу | 1. Усулдук бирикмелер мектеп жетекчилиги менен бирдикте окуучулардын билим сапатын, жетишүүсүн жана предметтик компетенттүүлүктөрүн жакшыртуу, текшерүү максатында утурумдук, чейрек сайын жазуу иштери , зачетторду, административдик текшерүү иштерин алып, мугалимдер менен иш жүргүзүп келет. Негизги окуу программаларын, мамлекеттик билим берүүчүлүк стандартты ишке ашырууга мектепте 4 усулдук бирикме чоң салым кошот.<br><br>Окуу программасынын аткарылышын , сабак берүүнүн теориялык жана дидактикалык деңгээлин, окуучулар тарабынан материалдарды өздөштүрүү денгээлин көзөмөлдөйт. Ар бир усулдук бирикме окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнүн спецификасына карата баланы активдештирүү үчүн, адеп-ахлактуу чөйрөнү түзүүнүн үстүндө иш алып барышат. Усулдук бирикмелерге коюлган максат: «Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн өсүшү, окуучулардын инсандык өсүшүнүн, окуу-тарбия процессин жакшыртуу шарттарды ишке ашыруу» Ар бир усулдук бирикме сабактар боюнча декадаларды даярдап өткөрүшөт. Предметтик декадалар ар бир сабактарды толук ачууга, окуучуларды кызыктырууга, ата-энелерди класстан | Кыргыз тил декадасы<br>Гуманитардык УБ иш планы<br>Так илимдер иш планы<br>Гум УБ анализи<br>башталгыч класстын декадасы<br>Насаатчынын иш планы<br>Насаатчынын анализи<br>Так илимдер анализ<br>Жаш мугалимге жардам беруу иш план<br>Усулдук кенештин иш планы<br>Башталгыч класстын УБ иш планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.4. | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы) | Мектепте “Этика өзүн-өзү алып жүрүү” эрежесин ишке ашыруу максатында 2021-ж. 03.09.№ 21 буйругу менен ар бир мугалим, администрация мүчөлөрү жана тех. кызматкерлер функционалдык милдеттери менен тааныштырып, келишимдер түзүлөт.<br>Мугалимдин профессионалдык этикасынын Кодекси;<br>• Бардык абал;<br>• Мугалимдин негизги нормалары;<br>• Мугалимдин башка адамдар менен өз ара мамилеси:<br>• Мугалимдин окуучу менен тил табышуусу,<br>• Мугалимдер менен тил табышуусу,<br>• Администрация менен өз ара мамилеси,<br>• Окуучунун ата-энеси жана баккан адамы менен мамилеси,<br>• Коомчулук менен өз ара мамилеси.<br>• Окуучунун тартип эрежеси:<br>• Окуучулардын мектепке келүүсү,<br>• Окуучулардын сырткы көрүнүшү,<br>• Окуучулардын сабакка катышуусундагы тартиби,<br>• Окуучулардын танапис учурундагы тартиби, | Этикалык кодекс<br>Функционалдык милдеттер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.5. | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | Мектепте окуу бөлмөлөрү, окуу залдары, спорт зал кышкысын жылуу. Окуучулардын билим алуусуна жана мугалимдердин иштөөсүнө шарттар түзүлгөн. Стратегиялык планда каралган балдардын коопсуздугун көзөмөлдөө максатында мектепке 7 видео көзөмөл орнотулган.<br><br>Типтүү 2 кабаттуу мектеп 1974-жылы салынган.Мектепте ашкана жана спортзал бар. 01.01.2022-жылга 1-4 класстардын окуучуларына ысык тамак берүү пландаштырылып жатат. Бүгүнкү күндө 7 сом өлчөмүндө чай,булочка берилүүдө.Жылуулук системасы толугу менен иштейт. Абанын тазалыгы камсыздалып, нымдуу уборкалар жүргүзүлүп , тыныгуу убагында желдетүү иштери аткарылып турат. Жугуштуу ооруларды алдын алуу максатында керектүү учурда хлор менен уборка жасалат. Бүгүнкү күндөгү кырдаалга байланышту, локтевой дозатор, дезковрик, антисептик, суюк самындар , маска жана бир жолку кол аарчы кагаздар менен камсыз болдук. Бүгүнкү күндөгү кырдаалага байланыштуу ар кандай жугуштуу оорулардын алдын алуу үчүн жумасына 1, айрым учурда 2 жолу хлор менен уборка жасалып турат. Райондук билим берүү бөлүмү, айыл өкмөтүнүн жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен мектепке санитардык каражаттар | Граждандык коргоо боюнча план<br>Граждандык коргоо боюнча иштин анализи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Ашканадагы тамактануу тартиби,<br>• Кече,чогулуштардагы тартиби,<br>• Мектептен тышкаркы тартиби,<br>• Дежурныйдын класстагы милдети,<br>• Дежурныйдын мектептеги милдети.<br>Окуу жана сабактан тышкары иш-аракеттер аркылуу коомдук этиканын жалпы принциптеринин жыйындысы чагылдырылган эмгек жамаатынын негизги эрежелеринин жана жүрүм-турумунун маданияты калыптанат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | алынып берилди. Мектепте 4 раковина, 1 умывальник иштейт.<br><br>Окуучулар арасында сергек жашоо боюнча класстан тышкаркы иштер жана класстык сааттар өтүлүп турат. Таза суу киргизилген, медицина кызматкерлери менен тыгыз иш алып баруу жагы жолго коюлган.<br><br>Жашылдандыруу иштери дагы жүргүзүлүп турат. Жашылдандыруу иши боюнча 2015 – жылы ичинде 40 түп роза гүлү, 47 түп ель дарагы, 6 түп арча, 3 түп липа дарак көчөттөрү мугалимдер жана демоорчүлөр тарабынан отургузулду. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.6. | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу | Билим берүүнүн сапатын көтөрүү жана окуучулардын жыйынтыктарын жакшыртуу, мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу аркылуу ишке ашат. Мектепте билим берүүнүн сапатынын базалык стандарты төмөнкү артыкчылыктарды аныктайт:<br><br>Ата-эне, коомчулук, айыл өкмөт мектеп менен бирдикте балдарга мектеп ичине ыңгайлуу микроклимат түзүү механизми иштелип чыккан.<br><br>Нормативдик изилдөө актылары, КРнын "Билим берүү боюнча" жоболору<br>Мугалимдердин өз билимдерин өркүндөтүү курстары<br>Предметтик мугалимдердин семинарлары<br>Интерактивдүү окутуу методдору<br>Ата-энелердин мектеп жана коомчулук менен өз ара байланышы<br>Ата-энелер комитетинин, мектептин, айылдык кеңешинин биргелешүү иш-аракеттери.<br>Педагогикалык жамаат ата-энелердин мектептеги тарбиялоо процесси жөнүндөгү оюн дайыма эске алат. Ушул максатта анкетирлөө, сүйлөшүүлөр жана сурамжылоолор өткөрүлөт. Ата- энелер класс жетекчини жана соцпедагогду пайда болгон суроолор жана көйгөйлөрдү чечүүдөгү эң биринчи жардамчы катары карашат. Мектептин жана класстын ичиндеги ата- энелер тарабынан уюштурулган жана өткөрүлгөн тарбиялык иш-чаралар жогорку баага татыктуу. Мектепте дайыма | Соц педагогдун иш чаралары<br>Ата - энелер менен иштоо отчету камкорчулук кенеши боюнча жобо<br>Соц пед. жобосу<br>Камкорчулук кенеш |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жалпы мектептик ата- энелер жыйналышы өткөрүлүп турат. Алардын жалпы максаты үй-бүлөнүн тарбия потенциалын көтөрүү жана анын эффективдүү калыптанышы үчүн шарттарды түзүү болуп эсептелет. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.7. | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу | Мектептин электрондук почтасы, сайты бар. Бүгүнкү күндө сайт иштеп жатат. Сайтка мектеп боюнча толук маалымат киргизилген жана мектептин окуу процессиндеги иш чаралар убагы менен жүктөлүп турат. Мектепте компьютердик класс бар, бардыгы 10 компьютер бар. Бардык компьютер интернет булагына туташкан. 1 проектор, 2 принтер, 2 ксерокс бар. 2020-жылдан бери электрондук журнал менен иш алынып барылат. Ар бир ата-эне менен байланыш түзүлүп, өздүк телефондорунан балдардын алган бааларын жана берилген тапшырмалар боюнча маалымат алып турушат. Бүгүнкү күндө ИСУО менен тыгыз иш алынып барылууда. Мектептин өзүнүн электрондук почтасы бар. Ар бир мугалимдин жеке электрондук почтасы менен иш алып баруу жагы иштелип жатат. Жалпы мугалимдерден 100% электрондук почта менен иш алып барышат. Мугалимдердин 50% компьютердик сабаттуулукка жетише алышты. .<br>Информациялык системанын башкаруу маалымат тутуму:<br>• сайт;<br>• Мектептин электрондук почтасы;<br>• Электрондук журнал; | Электрондук почта<br>Мектептин сайты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | •ИСУО. | |

| |
|---|
| күчтүү жактар • Мектептин абасы таза, кооз, жашоо шартка ыңгайлуу жерде жайгашуусу; • Мектептин жетишкендиктеринин арбындыгы; • Тажрыйбалуу, компитенттүү мугалимдердин болушу; • Областтык жана райондук семинарлардын байма-бай өтүлүп турушу; • Окуучулардын жана мугалимдердин район ичиндеги курстарга катышуусу; • Педагогдордун өз билимин көтөрүү курстарына үзгүлтүксүз катышуусу; • Интернеттин жогорку ылдамдыкта болуусу жана мугалимдердин компьютердик сабаттулугу боюнча иш алып барылуусу; • Мектептин коомчулук, айыл өкмөтү жана демөөрчүлөр менен тыгыз байланышта болуусу ; • Мугалимдер жамаатында ынтымактуу жагдайдын түзүлүшү;<br><br>Алсыз жактар: • Ата-энелердин мектептин проблемасын чечүүгө пассивдүүлүгү; • Социалдык жактан коргоого муктаж болгон окуучулардын жылдан-жылга көбөйүшүү; • Жаш мугалимдерге айыл өкмөтү тарабынан колдоонун жоктугу; • Физика,химия предметтери боюнча лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн приборлордун жоктугу; • Компьютердин жетишсиздиги.<br><br>Сунуштар: Билим берүү саясатын камсыздоо максатында, мектептерди учурдун талабына шайкеш келген жаңы техникалык жабдуулар менен камсыздоо (заманбап компьютер, интеактивдүү доска, түстүү принтер ж. б.) |
| **2. Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Тилекмат атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде педагогикалык кадрларды ишке кабыл алуу, КР эмгек кодексинин 64-беренеси жана мектептин Уставынын (7.12) Жалпы билим берүү мекеменин кызматкерлерин топтоо тартиби анын уставы менен регламенттелет. Педагогикалык ишке зарыл болгон педагогикалык квалификациясы бар, кызматы жана алган адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына туура келген, билим жөнүндө документи бар адамдар педагогикалык кеңештин чечими боюнча 3 ай сыноо мөөнөтү менен кабыл алынат. (7-13пункту) Жалпы билим берүү уюмдун кызматкерлерине жана админстрациясына карата КР эмгек кодексинде каралган эмгек мыйзамдары колдонулат. Эмгек келишиминин жарактуулук мөөнөтү КРнын эмгек жөнүндөгү мыйзамдарына ылайык аны түзүүдө кызматкер жана жумуш берүүчү тарабынан аныкталат. Соттолгон же КР өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмдарында иштөөгө жол берилбейт. Мектепте персоналдын, окугандардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдери жана мектепке кабыл алуу боюнча эрежелер топтому иштелип чыккан. 2021-жылдын 17-сентябрында №1-директор алдындагы кеңешмеде талкууланып бекитилген. Учурда мектептин педагогикалык кадр менен камсыз болушу 100% түзөт. | Эмгекти коргоо<br>Этикалык кодекс<br>Эмгек келишимдер<br>Эмгек келишими жонундо жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2. | Штаттардын комплекттелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып , отчет берилип турат. Мугалимдердин өз билимин жогорулатуу курсуна акыркы 5 жыл аралыгындагы курска барган мугалимдердин пайызы 60% Акыркы 5 жыл аралыгындагы кыска мөөнөттөгү семинар, тренингден өткөн мугалимдердин пайызы 85% Окуу жылынын башталышында Райондук Билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдеринин тизмеси бекитилип берилет. Областтык билим берүү институтунун квалификацияны жогорулатуу семинарларынын графигине киргизилип мугалимдер квалификациясын жогорулатып келишет<br>2016-2017-окуу жылында 71 %<br>2017-2018-окуу жылында -<br>2018-2019-окуу жылында 27 %<br>2019-2020окуу жылында -<br>2020-2021-окуу жылында 24 %<br>2021-2022-окуу жылы - 17,6%<br>Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу курсунан сырткары тренингдерге , кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга да барышат. | Сапаттык курам<br>Сертификаттар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | педагогикалык кадрлар менен толукталгандыгы ишке ашырылып жаткан программаларга жана окуу-тарбия берүү процессинин талаптарына ылайык келет. Мектепте педагогикалык жана персоналдык курамдын комплекттелиши, квалификациясы,билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына ылайык жүргүзүлөт. | |
| | | мугалимдердин курамы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.3. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн педагогдор (кл жет) тарабынан ата-энелерге, окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Физикалык коопсуздук боюнча имараттын коопсуздугу, бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы, кабинеттердин жылуулугу, желдетилиши,таза суу менен камсыз болушу, ата-энелердин, кайрылуулары боюнча маек жүргүзүү, проблемаларды суроо жооп аркылуу аныктап алып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Балдардын ден соолугун коргоо, жугуштуу оорулардын алдын алуу үчүн ФАП кызматкерлери тарабынан түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, окуучулардын дене табы өлчөнүп турат.<br><br>Көйгөйлүү маселелер болсо ата-эне, окуучу менен бирдикте маек жүргүзүү менен чечилет. ИДН кызматкери менен жумасына бир жолу жолугушуу, айына бир жолу чогулуш өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Балдардын коопсуздугун сактоо максатында 8 видео көзөмөл орнотулган Өрт коопсуздугу боюнча окуучулар, мектеп коллективи менен биргеликте окуулар өткөрүлүп турат. Эвакуациялоонун планы түзүлүп, тийиштүү тараптар тарабынан кол коюлуп илинген.Өрт коопсуздугу боюнча иш-пландар бар. Эгерде таламдаш тараптар даттанса же сунуштаса, анда | ИДН<br>Орт коопсуздугу боюнча алдын алуу планы<br>Эвакуационный план<br>ИДН иштери боюнча |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | даттануу жана сунуш китеби болот. Мектеп окуучулары коопсуздук техникасы боюнча нускамалардын жыйнагы менен таанышып чыгышты жана окуучулардын коопсуздук техникасы боюнча каттоо журналына кол коюлду.<br><br>Өрт коопсуздугу боюнча: мектепте талапка ылайык 2 щит орнотулган. Анда керектелуучу шаймандар толугу менен камсыздалган.<br><br>2021-2022-окуу жылында өрт коопсуздугу боюнча түзүлгөн пландын негизинде 6 даана өрт өчүрүүчү баллон (огнетущитель) жанылалынып,жаңыртылды | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.4. | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектепте 2021-жылдын 13-сентябрындагы № буйругу менен эксперттик кеңеш түзүлгөн, персоналдын ишин баалоо боюнча критерийлердин негизинде балоо упайы коюлат, ар бир квартал сайын КТУда каралып,бааланат.<br><br>Андан сырткары профсоюз тарабынан сыйлык, грамоталарга көргөзүлөт, ал педогогикалык кенеште жана профсоюз чогулушунда каралат. Айрым учурда эмгек китепчелерге сыйлоо буйругу жазылат. Окуу жылынын аягында чыгармачылык менен эмгектенген мугалимдерге педагогикалык кенештин чечиминин негизинде демөөрчүлөрдүн жардамы менен мугалимдерге жана көмөкчү персоналдарга материалдык жана акчалай сыйлыктар тапшырылып, ден соолукту чыңдоочу санаторий курортторго путевкалар менен камсыз болуп турат. | КТУ<br>Эксперттик кенеш жөнүндө буйрук<br>Эксперттик кеңештин отуруму |
| күчтүү жактар • Педагогикалык кадрлардын үзгүлтүксүз өз билимин өркүндөтүү үчүн квалификацияны жогорулатууга баруусу; • Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө тынымсыз иштөөсү; • Семинарларга катышуу менен ар кандай ыкмаларды үйрөнүп сабак берүүсү • Стим.фонддун негизинде стимул берүү • Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүүдө педагогикалык жана кенже персоналдардын, ата-энелердин,жергиликтүү бийликтин, медицина кызматкерлердин кызыкдар болушу • ИДН кызматкери менен тыгыз иш алып баруу<br><br>Алсыз жактар: * Айрым учурда акча каражатынын жетишсиздиги * Ата-энелердин жоопкерчилигинин аздыгы * Айлык акынын аз болушу, өзгөчө кенже персоналдар үчүн<br><br>Сунуштар: Жаш мугалимдерди коммуналдык тейлөө жактан колдоо болсо, жалпы мугалимдердин айлык маяналары көтөрүлсө. | | | |
| **3. Материалдык-техникалык база** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал, актовый залы, медициналык пункт, ашкана), ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу | Мектепте балдардын билим алуусуна жана мугалимдердин иш алып баруусуна шарт түзүү максатында мектептин материалдык базасын чыңдоо иштери жүргүзүлүп келет.<br>• Жалпы 15 класстык бөлмө бар;<br>• 1 компьютердик класс;<br>• 1 спорт зал;<br>• 1 ашкана ;<br>• 1 китепкана;<br>• 2 лаборатория<br>Мектептин штатына бекитилген медициналык кызматкер жок болгондугуна байланыштуу окуучулардын жана педагогикалык курамдын ден-соолугуна кам көрүү айылдык Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медициналык кызматкерлери тарабынан камсыздалат.<br>КРнын 2002-жылдын 27-июнундагы №111 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу мыйзамы ишке кирген. Кыргыз өкмөтүнүн 2006-жылдын 24-апрелиндеги №293 “КРнын жалпы билим берүү” мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу токтом кабыл алынган.<br>КРнын президентинин 2006-жылдын 12-июлундагы № 372 КРнын жалпы билим берүү | Стратегиялык план<br>Мектептин тех паспорту<br>Спортзал<br>Китепкана<br>Компьютердик класс<br>Кыргыз тили бөлмөсү<br>Орус тили бөлмөсү<br>Хим.биология бөлмөсү<br>Тарых,география бөлмөсү<br>Физика бөлмөсү<br>Актовый зал<br>Пактус бар<br>Ашкана<br>Медайымдын бөлмөсү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу указы чыккан. 2022-жылы баштап 1-4-класстарынын окуучулары үчүн ысык тамакты уюштуруу ВПП ООН проектиси аркылуу пландаштырылып жатат. Мектептин ашканасы талапка ылайык жабдылган. Мектептин ашканасы бар. Мектептин спорт залы иштейт. Окуучулардын спорт менен машыгуусу учун шарттар түзүлгөн. «Коопсуз мектеп» программасынын негизинде мектепке видео камералар орнотулган. Учурда мектеп талапка жооп берет. Кышкысын жылуу, жарык балдар үчүн ыңгайлүү шарттар түзүлгөн. Жогорку билимдүү мугалимдер менен камсыз болгон. Материалдык базаны чыңдоонун үстүндө аракеттер көрүлүүдө.<br>стратегиялык план | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | 2022-жылдан баштап 1-4-класстын окуучулары үчүн ысык тамак берүү пландаштырылып жатат.<br>Өрт коопсуздугун сактоо боюнча мектептин 2021-жылдын 16. 09. №10 буйругу чыгып атайын план иштелип чыккан.<br><br>Эмгекти коргоо боюнча да мектептин 2021-жылы 07. 09. №1 буйругу чыгарылып, квартал сайын докладдар окутулат. Ар дайым жаңы окуу жылы менен окуу инструктаж өткөрүлөт. Класстык бөлмөлөрдө, залда коопсуздук эрежелерини көрсөтмөлөрү илинген. Ар бир класс жетекчи окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен инструктаж өткөрүлүп, кол койдурулат.<br>Окуучуларга тааныштырылып кол койдурулган документтер бар. Өрт өчүрүүчү каражаттар жетиштүү, өрт өчүрүүчү баллондон-6 даана бар.<br>Өрт коопсуздугу боюнча 2 щит орнотулган.<br>Мектепте эмгекти коргоо жөнүндө жобонун талаптарына ылайык иш төмөнкү багыттарда жүзөгө ашырылат:<br><br>Инструктажды өткөрүү (киришүү - ишке кабыл алууда, алгачкы жана мезгилдүү, максаттуу – окутуучу жана кенже тейлөөчү персонал менен) – ар дайым, көрсөтүлгөн мөөнөткө ылайык; | Орт коопсуздугу боюнча буйрук<br>Орт коопсуздугун алдын алуу иш планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кооптуу кабинеттердин жана имарат жайлардын, комиссия тарабынан эмгекти коргоо талаптарынын жана коопсуздук эрежелеринин сакталышы боюнча ай сайын текшерүү;<br><br>Өрт коопсуздугунун чаралары-өрт коопсуздугунун нормативдик – укуктук актыларын, эрежелерин жана талаптарын сактоо, ошондой эле өрткө каршы иш – чараларды жүргүзүү; Коопсуздук техникасы, жол кыймылынын эрежелерин сактоо боюнча иштер көзөмөлгө алынган. Видеокөзөмөл орнотулган. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча:<br><br>· План түзүлгөн. Окуу жылынын башталышында мектеп ичинде (класс кабинеттердеги, окуу залдардагы, ашканадагы,спорттук залдагы) техникалык абал боюнча,кошумча эшиктердин кулпуларынын абалы боюнча текшерүү жүргүзүлөт.<br><br>· Ар бир кабатта эвакуациалык пландар илинген, залдарда багытты көрсөтүүчү белгилер коюлган.<br><br>· Өрт өчүрүүчү баллондор убагы менен толтурулуп турат.<br><br>· Өрт коопсуздугунун инструкциялары мектеп жамаатына, 1-11-класска чейинки окуучуларга өтүлүп дептерлер ачылган. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык –техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча иштер мектептин өнүгүү планында каралган.<br>Мектеп материалдык-техникалык базасын жана маалымат ресурстарын жакшыртуу максатында социалдык өнөктөр менен иштейт: инвестицияларды тартуу, долбоордук иштерди даярдоо, коомдук фонддор менен кызматташууну жөнгө салуу. Компьютердик-технологиялык жабдууларды жаңыртуу боюнча иш алып баруу.<br>Мугалимдердин МТК боюнча өз билимин өркүндөтүүсү.<br>2016-2017-окуу жылында 71 %<br>2017-2018-окуу жылында -<br>2018-2019-окуу жылында 27 %<br>2019-2020окуу жылында -<br>2020-2021-окуу жылында 24 %<br>2021-2022-окуу жылы 17%<br>Мектепте ОТЖП да материалдык –техникалык базаны жакшыртуу боюнча стратегиялык план түзүлгөн. | Финансылык отчет<br>Материалдык тех базаны чындоо планы материалдык тех базаны чындоо отчету |

| | | | |
|---|---|---|---|
| күчтүү жактар • Ар кандай долбоорлорго катышуу менен материалдык техникалык базанын чыңдалышы; • Материалдык техникалык базанын бир кыйла жакшыртылышы; • Сабактан сырткаркы иштерде окуучулардын көп ийгиликтерге жетишкендиги; • Тарбиялык иштердин натыйжалуу жүргүзүлүүсү жана конкурстар үзгүлтүксүз өтүлгөндүктөн, кылмыштуулукту алдын алууга мүмкүнчүлүктөрдүн болушу; • Ата энелер менен тыгыз байланышта болуу; • Мектептеги ачык айкындуулук; • Мектептин жетишкендиктери менен кыйынчылыктарын ата-эне менен бирдикте талкулоо . Көпчүлүк учурда ата энелердин колдоосу, балдарынын билим алуусуна кызыкдар болушу; • Ар бир мугалим, ар бир класс жетекчинин мектеп админстрациясынын ишмердүүлүктөрү менен ата эненин кабардар болуп турушу; • Маалыматтын коомго өз учурунда, үзгүлтүккө учурабай жетип турушу жана базада сакталуусу • Алган маалыматтар менен ой жүгүртүү, талкуунун жүрүшү.<br><br>Алсыз жактар: • Демонстрациялык куралдардын аздыгы , жетишпегендиги. (химия физика сабактары боюнча) • Интерактивдүү доскалардын жоктугу, Компьютердин аздыгы, эскилиги.<br><br>Сунуштар: Ата-энелердин жоопкерчилиги күчөтүлүп, бирдиктүү форма киргизилсе. | | | |
| **4. Финансы ресурстарын башкаруу** | | | |



| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1. | Финансылык пландоо системасынын болушу | КР Билим берүү министрлигинин 2003-ж. 30.04. № 92мыйзамынын 43-статьясынын негизинде мамлекеттик бюджеттен мектептеги кызматкерлердин айлык акысына, коммуналдык кызматтарга, утурумдук ремонт иштерине, командировкалык чыгымдарга, налогго, соц фондго, прочиеге бөлүнөт. Пландоодо керектүү чыгымдар жазылат. Көпчүлүк учурда мамлекет тарабынан кыскартылат. Айрым учурда проект менен факты айырмалуу болот. | Смета РББ<br>Смета РББ<br>Смета РББ<br>Билим беруу мыйзамдары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.2. | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Кошумча финансылык ресурстарды тартуу боюнча жергиликтүү бийлик, (айыл өкмөт) камкорчулук кеңеши, мектепти 10,20 жыл мурун бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөр жана демөөрчүлөр тарабынан жардам берилип, отчеттуулук, ачык угуулар, керектөөлөргө баа берилет.<br>2018-19-окуу жылында ата-энелердин коомдук камкорчулар бирикмесинин жана демөөрчүлөрдүн күчү менен мектеп ичиндеги туалет 220 мин сомго кап.ремонт жасалып ишке берилди.<br>2019-2020-окуу жылында мектепте 10 жылдыктар 17,0 миң сомго ноутбук белекке беришти.<br>2020-жылы 10 жылдык бүтүрүүчүлөр мектепке түстүү принтер ( 28 миң сом) белек кылышты.<br>2020-жылы негизги мектепке кирүү жери капиталдык ремонттон өттү. Бул ремонттуу 20 жыл мурун мектепти бүткөн бүтүрүүчүлөр 70.000 сомго жасап беришти.<br>1984-жылкы муундар 2021-жылы мектептин маңдай тарабындагы 150 метр аралыктагы эски тосмону 200,000 сомго жаңыртып беришти.<br>2020-2021-окуу жылында мектептин чатырын алмаштыруу жана ашкананы кап.ремонттон өткөрүүгө Ак-Суу айыл өкмөтү менен бирдикте 3 млн. 898 миң сомго стимгранд алууга жетиштик. | РББ сметасы<br>РББ сметасы<br>Камкорчулук кенешинин Уставы<br>Камкорчулук кенешинин жобосу |

<table>
<tr><td>4.3.</td><td>Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу</td><td>Жергиликтүү башкаруу, ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн, мектепти мурда бүтүп кеткен 10,20 жылдык бүтүрүүчүлөрү финансылык жактан жардам берилген. Ошонун негизинде дагы пландаштырылып жатат:<br>1.2022-жылга ВПП ООН проектиси менен иштешип ысык тамак уюштуруу<br>2.Айыл өкмөту менен иш алып баруу<br>3.Демөөрчүлөр аркылуу интерактивдүү доска өндурүү<br>4.”Ага Хан” фонду менен иштешүү</td><td>Долбоорлого катышуу<br>Материалдык тех. базаны чыңдоо</td></tr>
<tr><td colspan="4">күчтүү жактар • Финансы маселелери жылдан жылга толукталып мугалимдердин айлык акыларынын көтөрүлүшү персоналдар үчүн стимул болору. • Мамлекеттин кошумча ресурстарды тартуу менен материалдык-техникалык базанын жаңыланышы билим сапатынын жогорулашына таасир берет • Маалымат ресурсу, интернеттин кеңири колдонулушу • Балдардын коопсуздугу, билими, окуусу үчүн шарттардын түзүлүшүнө финансы каражаттарын тартуу. Алардын ата-энелер менен бирдикте аткарылышы, ачык айкын так болушу. Билим берүүгө кызыкдар тараптан нааразычылыктардын жок болушу. • Жергиликтүү бюджеттин мектепке көп көңүл буруусу<br><br>Алсыз жактар: • Персоналдардын айлык акысынын аздыгы; • Ремонтко болүнгөн акчалардын тендер менен чектелиши; • Ремонт иштерине бюджеттен аз акча бөлүнүүсү. Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу; • Окуу куралдарына акча каражаттарынын жетишсиздиги; • Айыл тургундарынын көпчүлүк бөлүгү жарды жашап, аярлуу калктын көптүгү, айыл жеринде жумушсуздуктун күч алышы. • Дыйканчылык менен гана алектенишип, ал продукция да өзүн өзү актабай тургандыгы. • Миграциянын күчөшү. (ички жана сырткы миграция )<br><br>Сунуштар: Ата-энелерден төлөмдөр бирдиктүү суммада кабыл алынса. Мектептин ремонт иштерине окуучулардын санына эмес, жалпы мектептин көлөмүнө жараша каражат бөлүнсө.</td></tr>
</table>

**3. Корутунду**

Өткөрүлгөн баалоонун негизинде комиссия документтерди институционалдык/программалык аккредитациялоодон өткөрүү үчүн ыйгарым укуктуу органга жөнөтүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрагасы: Сатиев Э.С.

Комиссиянын мүчөлөрү: Тоокеева Б.Э.

Мендегулова Г.Б.

Ильясова С.К.

Бокоева Г.А.

Кошоева Н.К.

Урманбетова Н.З.